83.2
Т-92

Турар Кожомбердиев

# Түйдөк жип





83.8
П-92

Эч ким үйдө жок эле,
Таргыл мышык шок эле.
Кубалаткан түйдөк жип,
Кудум эле топ эле.





**Ары карай кубалап,**
**Артынан жип чубалат.**
**Байгени алган эмедей**
**Басып калды будалап.**



Андан ары көрөлү,
Аша берди өнөрү.
Кирген сайын кызуулап,
Кичирейет көлөмү.

Анан болду тыйындай,
Анан болду кымындай.
Анан кызык… дайны жок,
Асманга учкан чымындай.







Аң-таң калып токтолду,
Апа жокто шоктонду.
Эрип кеткен немедей,
Эмнеликтен жок болду?



Ыксыз ойноп тил албай,
Ыйлай албай, күлө албай.
Кайда кетти түйдөк жип,
Катат башы, биле албай.



57c



57с

УДК 821.51-93
ББК 83.8
Т 92

**Т 92** ТҮЙДӨК ЖИП / Т.Кожомбердиев;
Сүрөтүн тарткан К.Рымбек. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2013. – 10 б.

ISBN 978-9967-27-088-6

Мектеп жашына чейинки бөбөктөр үчүн.

Китепче Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жактырылган.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

Дизайнери *А.Мадлымбекова*

Т 4803300200-13
ISBN 978-9967-27-088-6

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2013

9 789967 270886